**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**«Бекитемин»**
**«БИК»тин мүдүрү, ф.и.к., доцент**
**Эркинбеков К.Э.** ________
**«20» 07** ________ **2026-жыл**

# 2026-жылдын апрель айында жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчү класстарынын окуучуларына карата жүргүзүлгөн профориентациялык иштер боюнча

# Отчету

## Темасы: “БИК” мекемесиндеги адистиктер – СЕНИН келечегиң!

Даярдаган: Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары -Тагаева Гүлзат Аликовна (кол тамгасы )________

**2026 - жыл**

**«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси**

**2026-жылдын апрель айында жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчү класстарынын окуучуларына карата жүргүзүлгөн профориентациялык иштер боюнча**

# Отчету

## Темасы: “БИК” мекемесиндеги адистиктер – СЕНИН келечегиң!

**2026-жылдын апрель айынан тартып “БИК” мекемесинин администрациясы, окутуучулар жамааты жана Студенттер кеңеши тарабынан жалпы билим берүүчү мектептердин бүтүрүүчү класстарынын окуучулары арасында кеңири масштабдагы профориентациялык иштер жүргүзүлдү. Иш-чараларга колледждин 2–3-курсунун студенттери да активдүү катышып, агитациялык жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.**

**Профориентациялык иш-чаралар эки жумага созулуп, анын жүрүшүндө жалпысынан Бишкек шаарынын жана Чүй облусунун 102 жалпы билим берүүчү мектеби кыдырылды.**

**Профориентациялык иштердин негизги максаты:**

- **мектеп окуучуларына келечектеги кесибин туура жана аң-сезимдүү тандоого көмөк көрсөтүү;**
- **окуучулардын жөндөмүнө жана кызыгуусуна ылайык окуу багытын жана профилин туура аныктоого жардам берүү;**
- **колледжди жана жогорку окуу жайын туура тандоонун маанилүүлүгү жөнүндө кеңири маалымат берүү;**
- **жаштарды кесиптик өз алдынча чечим кабыл алууга, өзүн-өзү таанууга жана жеке инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө багыт берүү;**
- **эмгек рыногунда атаандаштыкка жөндөмдүү, заманбап талаптарга жооп берген квалификациялуу адистерди даярдоого кызыгуусун арттыруу;**
- **окуучуларга жана алардын ата-энелерине кесип тандоого байланыштуу суроолору боюнча кеңеш берүү жана түшүндүрүү**

иштерин жүргүзүү;

- окуучулардын келечектеги кесиптик багытын туура аныктоосуна көмөк көрсөтүү.

Жолугушуулардын жүрүшүндө окуучуларга “БИК” мекемесинде даярдалган адистиктер, билим берүү программалары, окуу шарттары, кабыл алуу тартиби жана бүтүрүүчүлөр үчүн түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр тууралуу кеңири маалымат берилди. Ошондой эле бүгүнкү күндө эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон адистиктер жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, окуучулардын кызыгуусун арттырууга өзгөчө көңүл бурулду.

Иш-чаранын алкагында маалыматтык буклеттер таратылып, презентациялар өткөрүлдү. Окуучулар жана алардын ата-энелери өздөрүн кызыктырган суроолоруна жооп алышып, кесип тандоо боюнча пайдалуу кеңештерге ээ болушту.

Мындан тышкары, колледждин 2–3-курсунун студенттери тарабынан да агитациялык иштер жүргүзүлүп, алар өздөрүнүн окуу тажрыйбасы, студенттик жашоосу жана жетишкен ийгиликтери тууралуу маалымат беришти. Бул мектеп окуучуларынын колледжге болгон кызыгуусун арттырып, келечектеги билим алуу боюнча туура чечим кабыл алуусуна өбөлгө түздү.

Жүргүзүлгөн профориентациялык иштердин жыйынтыгында “БИК” мекемесинин билим берүү мүмкүнчүлүктөрү кеңири таанытылып, колледждин оң имиджин калыптандырууга, кесиптик билим берүүнүн кадыр-баркын жогорулатууга жана талапкерлердин санын көбөйтүүгө олуттуу салым кошулду.

**Мамлекеттик тил жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары:** **Тагаева Гулзат Аликовна**

**Күнү, айы, жылы:** **Кол тамгасы: ____________________**


БИЛИМ ОРДОСУНА КОШ КЕЛИҢИЗДЕР!




Jubilee


ДОСУНА
НИЗДЕР!









